11.Гафуров Б.Г. Ленинизм, классы и классовая борьба в странах Востока – М., 1973.
12.Материалы Первой Всесоюзной конференции востоковедов в Ташкенте 4 – 11 июня 1957: Из-во АН Уз ССР. – Ташкент, 1958. С. 22.

**УДК: 37.012.3 (575.2)(55)**



*Матназаров С.А., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Камаева К.К., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Матмусаева А.А., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*

*Матназаров С.А., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Камаева К.К., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Матмусаева А.А., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*

## Кыргыз-Иран дипломатиялык мамилелери: абалы жана келечеги
## Кыргызско-иранских дипломатических отношений: состояние и перспективы
## The Kyrgyz-Iran diplomatic relations: at present and in future

Бул илимий макалада кыргыз-иран дипломатиялык кызматташтыктары, абалы жана келечек пландары талдоого алынган.
**Ачкыч сөздөр:** Кыргыз, Иран, дипломатия, мамиле, абал, келечек.

В данной статье речь идет о кыргызско-иранских дипломатических отношений.
**Ключевые слова:** Кыргыз, Иран, дипломатия, отношения, состояние, перспектива.

This article deals with Kyrgyz  Iran diplomatic relations & their future plans and positions are touched in this article.
**Key words:** Kyrgyz, Iran, diplomacy, relations.

Кыргыз Республикасы өз алдынча эркиндик алып, эгемендүү мамлекет болгон мезгилден тарта дүйнө жүзүнүн көптөгөн мамлекеттери менен дипломатиялык мамиле түзүүгө жетише алды.

Айрыкча мусулман мамлекеттеринин катарынан эң алгачкылардан болуп Иран Ислам Республикасы Кыргызстан менен достук байлныштарды түзүүгө даяр экендигин билдирип, 1991-жылы 21-декабрда Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын тааныган. Мамлекеттер ортосундагы биринчи дипломатиялык мамиле 1992-жылы 10-майда эки тараптуу достук келишимдин негизинде ырасталган. [1]

Кыргызстан-Иран мамилелеринин 26 жылдык тарыхында эки өлкөнүн

президенттеринин, премьер-министрлеринин, спикерлеринин, министрлердин расмий жолугуушуларында 80ден ашык келишимдер [2] түзүлүп кол коюлган. Ошол укуктук-нормативдүү документтердин негизинде мамлекеттер аралык соода-сатык жана маданий иш-чаралар ийгиликтүү ишке ашууда. Бул жылдары эки тараптын бири-бирине болгон ишеними, көз карандысыздыкка сый-урматы мамлекеттер аралык мамиленин ар тараптуу, көп кырдуу өсүшүнө зор мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

1979-жылы Ирандагы ислам революциясынын жеңиши менен мусулман мамлекеттеринин арасында биринчи жолу Иран Ислам Республикасынын түзүлүшү Америка Кошмо Штатын, Европалык кээ бир өлкөлөрдүн жана Израилдин бийлик ээлеринин тынчын кетирүүдө. Батыш саясатчылары «Хизбулла», «Хамас», «Ислам жихады» сыяктуу палестиналык топторду Иран мамлекети каржылайт деген айыптарды коюп келүүдө. [3] Акыркы жылдары Америка Кошмо Штаты жана кээ бир батыш өлкөлөрү Иран Ислам Республикасынын экономикалык өнүгүшүнө, айрыкча илимий-техникалык жетишкендиктерин, атомду колдонуу менен жаңы багыттагы ядролук куралдарды даярдашууда деген жалаларды жабууда.

XXI кылымдын башында Ирандагы атом бомбасын өндүрүшкө чыгарууга, ядролук жардыргычты танышуучу ракеталарды учурууга даярданууда деген шылтоо менен Америка Кошмо Штаты бүткүл дүйнөлүк коомчулукту Иран Ислам Республикасына каршы коюуга көптөгөн аракеттерди жасоодо.

АКШ аскер жетекчилеринин бири, генерал лейтанант Томас Маканерин Ирандын тегерегиндеги ядролук куралдарды колдонууга даярданууда деген коркунучту алдын-ала токтотуу үчүн Иранга каршы Сауд Арабиянын, Иорданиянын, Египеттин, Бириккен Араб Эмираттын, Кувейттин, Катардын, Туркиянын, Англия жана АКШнын аскердик күчтөрү бириккен уюм түзүп, аны АКШ жетектөөсүн сунуштаган.[4] Бирок, тилекке каршы, бул өлкөлөрдүн ичинен кээ бирөөлөрү Иран менен өз ара экономиклык, маданий мамилелери бар экендигин генерал Томас аягына чейин иликтеген эместиги байкалып турат.

Бул жагдай жөнүндө Улутту корго университинин (Тегеран) профессору Фариборз Махтарийан: «... араб өлкөлөрүнүн көпчүлүгү батыштын саясатын унчукбастан колдошот, бирок аны ачык айтып билдиришбейт. Алардын арасында Иран менен чыныгы дос болуп, анын бүткүл коомчулукка адилеттүү тынчтык каалары (ирандыктардын пикири боюнча) чын жүрөктөн билдирүүгө жарамсыз»[5]- деген пикирин айткан.

Ошондуктан Иран Ислам Республикасы өзүнө коңшулаш Борбор Азиядагы мамлекеттер, анын ичинен Кыргыз Республикасы менен дипломатиялык мамилени түзүүгө кызыкдар. Өзгөчө эки мамлекеттин ортосундагы соода-сатык кызматташтыгы жана маданият байланыштары жылдан жылга өнүгүү багытында.

Кыргыз Республикасы деле Иран Ислам Республикасы менен дипломатиялык мамилелерди чындоо багытында көптөгөн иш-чараларды жүргүзүүдө. Анткени Иран мамлекети Кыргызстан үчүн геосаясий жана географиялык жактан алып караганда дипломатиялык мамилелерди түзүүгө кеүири шарттар бар.

Иран Кыргызстандын территориясына жайланышкан коңшулаш мамлекет болбогондуктан эки өлкөнүн ортосунда соода-сатык иштерин жүргүзүүгө жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Экинчиден, Кыргыз Республикасы жана Иран Ислам Республикасы Экономикалык Кызматташуу Уюму жана Ислам Конференциясы Уюму менен

биргеликте иш альп баруусу даты эки мамлекеттин саясий, экономикалык жана маданий маселелерди чогуу чечүүгө мүмкүндүк түзүүдө.

Кыргызстан-Иран мамилесинин тарыхын илимий жактан изилдөө илимпоздор Тарабынан жүргүзүлүүдө. Байыркы Иран мамлекети менен Кыргызстандын жана кыргыздардын саясий, соода- сатык, маданий байланышТарынын тарыхы В.В.Бартольд, С.М.Абрамзон А.Н.Бернштам О.К.Караев, А.Мокеев, Ю.С.Худяков, Т.Чоротегин, Т.Машрапов, А.М.Кылычевдер [6] тарабынан фарсы (иран) тилинде жазылган кол жазмалардын, археологиялык казууларда табылган тарыхый буюмдардын негизинде илимий изилдөөгө алынган.

Кыргыз Республикасы жана Иран Ислам Республикасынын мамлекет жетекчилеринин китептери, же алар жөнүндө жазылган эмгектерде дагы эки өлкөнүн дипломатиялык кызматташтыгы тууралуу маалыматтарды кезиктирүүгө болот. [7]

Кыргызстан-Иран мамилелеринин акыркы жылдардыгы тарыхы тууралуу илимпоздор К.Айдаркул, К.А.Токтомушев, С.Токтогонов, А.Жоробекова, Н.К.Момошева, М.С.Иманалиев, А.С.Ормушевдин [8] эмгектеринде кыскача баяндоолор, мисалдар айтылат.

Тарыхчылардын арасынан биринчилерден болуп С.Э.Бекибаев [9] эки мамлекеттин ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий байланыштардын (1991-2005-жж.) тарыхын илимий изилдөөгө алып, кандидаттык диссертациясын коргогон.

Автор белгилүү саясатчылардын, тарыхчылардын эмгектерине, өкмөттүк документтерге, англис, фарси тилинде жарыкка чыккан китептерге таянып Кыргыз Республикасы менен Иран Ислам Республикасынын эл аралык мамилелери жөнүндө иликтөө жүргүзгөн. Ошондой эле Иран мамлекетинин Борбор Азиядагы өлкөлөр менен болгон мамилеси жөнүндө далилдүү пикирлерди айткан.

Ошондуктан, сиздерге сунушталган бул илимий макалада Кыргыз Республикасы менен Иран Ислам Республикасынын ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин 26 жыл аралыгында өсүп-өнүгүүсү изилдөөгө алынган. Эки мамлекеттин саясий, экономикалык жана маданий байланыштарын Кыргыз Республикасынын Президентинин архивиндеги, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги, Улутту илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим, Кыргыз Республикасынын маданият жана туризм, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрликтеринин архивиндеги тарыхый документтер пайдаланылы.

Булардан сырткары эл аралык жана республикалык маалымат каражаттарынан кыскача кабарлар, билдирүүлөр кээ бир маселелерди тактоого жардам берди. Айрыкча Иран Ислам Республикасынын Кыргызстандагы маданий өкүлчүлүгү тарабынан акыркы жылдары үзгүлтүксүз чыгарылып келе жаткан «Адеп» журналына жарыяланган макалалардагы бул илимий макаланы жазууга көмөк берди.

Кыргызстан-Иран мамилесинин 26 жылдык маарекесине арналып жазылган бул илимий изилдөө эки өлкөнүн ортосундагы дипломатиялык, экономикалык жана маданий кызматташтыктын эң орчундуу мезгилдерин чатылдырууга аракеттер жасалды.

**Колдонулган адабияттар:**

[1] Кыргыз Республикасынын Президенттин архиви.

Ф.1.оп.1.д.1219.л.164

[2] Моради М. Уверенность, обдуманность, правильный выбор.// Слово Кыргызстана, 2010, 17-февраля.

[3] Славин С. Приговор без достпточных улик.// Азия и Африка сегодня, 2009, №6, с.21

[4] Славин С. Приговор без достпточных улик.// Азия и Африка сегодня, 2009, №6, с.21

[5] Тронов А. Иран, его арабскиесоседи и их отношения к ядерным амбициям ИРИ.// Азия и Африка сегодня. 2007, №1, с.32.

[6] Бартольд В.В. Кыргызы. Фрунзе, 1927; Абразон С.М. Киргизи и их этногенетические и историко-культурные связи. Л., 1971; Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызтана. Т.2. Бишкек, 1998; Караев Ѳ. История караханидского каганата (X нач. XIII вв.). Фрунзе, 1983; Мокеев А. Политическая и этническая история северо-восточный части Средней Азии в XVII первой половине XVIII вв. Автореферат канд.дисс.ист.наук. Ташкент, 1979; Худяков Ю.С. Иранские мотивы в средневековой теоретике Южной Сибирии. // Семанатика древних образов. Новосибирск, 1990; Чороев Т.К. Этнические ситуации в тюрких регионах Центральной Азии в середине VIII нач. XIII вв. (по арабским и персидским источникам). Канд.дисс.ист.наук. Ташкент, 1988; Машрапов Т.Т Значение персоязычных источников по истории Кыргызстана в 16-18 вв. Канд.дисс.ист.наук. Ташкент, 1989; Кылычев А.М. XIV-XV кылымдардага Теңир-Тоонун этносаясий тарахы (айрым фарси булактары боюнча). Канд.дисс.ист.наук. Бишкек, 1995.

[7] Акаев А.Дипломатия Шелкового пути. Бишкек 1998; его же Памятное десятилетие. Бишкек, 2001; его же Думая о будушем с оптимизмом. Размышление о внешней политике и мироустройстве. Москва, 2004; Бакиев К. Келечекке жол. Бишкек, 2007; Мохаммед Ахмажинеджад. Выступления глав государств и руковадителей делегаций государств наблюдателей ШОС на Бишкекском саммите. // Дипломатический Вестник. Спец. выпуск. Бишкек, 2007, с.38-39; Хаменеи С.А. Исламское пробуждение. // Слово Ирана. Тегеран, №5, 2011, с. 4-9; Иран Ислам Республикасынын Конституциясын түзүү. Alhoda international, Cultural, Artistic, 2011, с.95.

[8] Айдаркул Каана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. Бишкек, 2002; Токтомушев К.А. Внешняя политика независимого Кыргызстана. Бишкек, 2001; Токтогонов С. Тышкы саясат. Бишкек, 1998; Жоробекова А.Э., Момошева Н.К. Хроника внешнополитической деятельности Кыргызской Республики в 1991-2001 гг. Бишкек, 2002; Иманалиев М. Очерки о внешней политике Кыргызстана. Бишкек, 2002; его же Сборник статей о Центральной Азии. Бишкек, 2008; Ормушев А.С. Кыргызстан-Иран: реалии и перспективы. // Билим жана Тарбия, 2003, №2; анын Участие Ирана в экономическом развитии Кыргызской Республики. // Билим жана Тарбия, 2009, 1 (10); анын Иран элинин маданиятынын өнүгүшү. // Адеп, 2011, №5,6; анын Кыргыз-Иран дипломатиялык мамилелердин калыптанышы жана өнүгүшү. // Наука и новые технологии, 2011, №3, 159-161-б.

[9] Бекибаев С.Э. Кыргызско-Иранские отношения в процессе становления и развития суверенной Кыргызской Республики. (1991-2005 гг.). Диссертации на соискание ученой степени кандидата исторических наук. Бишкек, 2007, с.170.